Кыргыз Республикасынын статистика
боюнча Кеңештин чечими менен
бекитилди
2022-жылдын 19-майы № 1

# Кыргыз Республикасынын статистика боюнча кеңешинин РЕГЛАМЕНТИ

1. Кыргыз Республикасынын Статистика боюнча кеңешинин Регламенти (мындан ары – ушул Регламент) Кыргыз Республикасынын Статистика боюнча кеңешинин (мындан ары - Кеңеш) функцияларын жана ишке ашыруу жол-жоболорун Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 11-майындагы № 149 Жарлыгы менен бекитилген «Расмий статистика жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамында жана «Кыргыз Республикасынын Статистика боюнча Кеңеши жөнүндө» жободо каралган ыйгарым укуктарын аныктайт.

2. Кеңеш өз ишинде Кыргыз Республикасынын Конституциясын, «Расмий статистика жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамын, Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларын, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган эл аралык келишимдерди, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 11-майындагы № 149 Жарлыгы менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын Статистика боюнча Кеңеши жөнүндө» жобону, ошондой эле ушул Регламентти жетекчиликке алат.

## Кеңештин ишин уюштуруу

3. Кеңештин ишинин негизги формасы болуп, зарыл болгон учурда аралыктан өткөрүлүүчү жыйналыштар саналат.

4. Кеңеш өз ишинин Регламентин жана Кеңештин иш планын кабыл алат жана бекитет.

5. Кеңеш биринчи жыйналышында өз мүчөлөрүнүн ичинен көпчүлүк добуш менен төраганы жана анын орун басарын шайлайт. Муну менен бирге төрага мамлекеттик бийлик органдарынын курамынан тышкаркы статистиканы пайдалануучулардын коомчулугунун өкүлү болуп саналат.

6. Кеңештин төрагасы:

- Кеңештин жыйналыштарын өткөрөт;
- күн тартибин аныктайт жана Кеңештин жыйналыштарында каралуучу маселелерди даярдоого жалпы жетекчиликти жүзөгө ашырат;
- Кеңештин кароосуна коюлган маселелерди жамааттык талкуулоо жана чечүү үчүн зарыл шарттарды түзөт;

- Кеңештин жыйналышынын протоколуна жана Кеңеш тарабынан кабыл алынган актыларга кол коет;

- анын мүчөлөрүнүн сунушу боюнча Кеңештин кезексиз жыйналышына чакырат;

- Кеңештин жыйналышынын күн тартибине кезексиз каралууга тийиш болгон маселелерди киргизет;

- расмий статистиканын стратегиялык өнүктүрүү маселелери боюнча сунуштамаларды иштеп чыгуу жана аларды Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитетине (мындан ары - Улутстатком) киргизүү боюнча ишти уюштурат;

- статистикалык программалардын аткарылышын баалоо жана расмий статистиканы стратегиялык өнүктүрүүнүн ишине мониторинг жүргүзүү боюнча иштерди уюштурат;

- расмий статистиканын бардык өндүрүүчүлөрү тарабынан «расмий статистика жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын тиешелүү жоболорунун сакталышына мониторинг жүргүзүү боюнча иштерди уюштурат;

- Улуттук статистикалык системаны өнүктүрүү жана өркүндөтүү долбоорлорун ишке ашырууга мониторинг жүргүзүү боюнча иштерди уюштурат;

- Кеңештин чечимдеринин аткарылышын контролдоону камсыз кылат;

- мамлекеттик бийлик органдарында Кеңештин атынан чыгат;

- Кеңештин ишин уюштурууга байланышкан башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат.

7. Төрага жок болгон мезгилде анын милдеттерин Кеңештин төрагасынын орун басары аткарат.

8. Кеңештин мүчөлөрү:

- Кеңеш өткөргөн иш-чараларга, ошондой эле каралып жаткан маселелер боюнча материалдарды даярдоого катышат;

- Кеңештин пландарынын долбоорлоруна, анын жыйналышынын күн тартибине жана тартибине сунуштарды, сын-пикирлерди жана өзгөртүүлөрдү киргизет;

- каралып жаткан маселелерге тиешелүү документтер менен таанышууга, талкууланып жаткан маселелердин маңызы боюнча өз пикирин, чечимдердин долбоорлоруна жана Кеңештин жыйналышынын протоколуна сын-пикирлерди жана сунуштарды айтууга;

- маселелерди талкуулоодо бирдей укуктарга ээ.

9. Кеңештин жыйналышы төрага тарабынан зарылдыгына жараша, бирок жылына эки жолудан кем эмес чакырылат. Кеңештин жыйыны ага Кеңештин мүчөлөрүнүн жалпы санынын жарымынан көбү катышкан шартта укуктуу болот.

10. Кеңештин мүчөлөрүнүн жыйналыштарга катышуусу милдеттүү.

11. Кеңештин жыйналышы, эгерде ага Кеңештин курамына кирген адамдардын жалпы санынын жарымынан көбү катышса, ыйгарым укуктуу деп эсептелет.

12 Кеңештин мүчөлөрү зарыл болгон учурда Кеңештин жыйынына катышуу үчүн Кеңештин мүчөсү болуп саналбаган адамдарды сунуштай алышат.

13. Кеңештин чечимдери жөнөкөй көпчүлүк добуш менен кабыл алынат, Кеңештин жыйынынын протоколу менен таризделет, ага Кеңештин төрагасы кол коет. Добуштар тең болуп калган учурда, төрага добуш берген чечим кабыл алынды деп эсептелет.

14. Кийинкиге калтырууга болбой турган айрым маселелер боюнча комиссиянын Кеңешинин мүчөлөрүн жазуу жүзүндө сурамжылоо жолу менен жыйын өткөрбөстөн чечимдер кабыл алынышы мүмкүн.

**Кеңештин ишин камсыз кылуу**

15. Кеңештин катчылыгынын функцияларын Улутстатком аткарат.

16. Жыйынга катышуу үчүн кеңештин мүчөлөрүн маалыматтык камсыздоо Улутстатком тарабынан жүзөгө ашырылат. Жыйындын программасы жана материалдары жыйын башталганга чейин он күн мурда Кеңештин мүчөлөрүнө жиберилет. Кеңештин чечимдеринин аткарылышы же аткарылбагандыгы жөнүндө маалымат (себептерин толук түшүндүрүү менен) Кеңештин жыйынынын протоколуна кол коюлган күндөн тартып бир айдын ичинде Кеңештин мүчөлөрүнө берилет.

17. Кеңештин ишин уюштуруу расмий статистиканы өнүктүрүүгө жана өркүндөтүүгө эл аралык уюмдар тарабынан бөлүнгөн гранттардын жана техникалык жардам каражаттарынын эсебинен жүзөгө ашырылышы мүмкүн.

18. Кыргыз Республикасынын Улутстаткомдун расмий сайтында (www.stat.kg) Кеңештин өзүнүн бөлүмү бар. Кеңеш жөнүндө бөлүмдө, анын иши жөнүндө дайыма жаңыланып туруучу маалыматтар, жыйналыштардын протоколдору жана башка материалдар камтылган.

19. Кеңеш өз ишин коомдук башталышта жүзөгө ашыруучу туруктуу иштеген орган болуп саналат.

20. Ушул Регламент, ошондой эле ага өзгөртүүлөр жана толуктоолор Кеңештин жыйынында кабыл алынат жана алар кабыл алынган учурдан тартып күчүнө кирет. Ушул Регламентти кабыл алуу же ага өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө чечим Кеңештин протоколдук чечими менен таризделет. Ушул Регламенттин талаптары Кеңештин бардык мүчөлөрү үчүн милдеттүү.